**Классы:** 4А

**Предмет:** Мекен таануу

**Сабактын темасы:** Өткөн чактан келечекке карай

**Негизги компетенттүүлүктөр:**

**1.** Маалыматтык компетенттүүлүк (НК1)

**2**. Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк (НК2)

**3.** Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү (НК3)

**Предметтик компетенттүүлүк.**

1) Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (ПК3)

2) Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (ПК4)

3) Аң-сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (ПК5)

| **Максаттары** | **Көрсөткүчтөр** |
|---|---|
| а) Тема боюнча маалымат алышат, өткөн мезгилдеги адамдардын жашоо турмушундагы колдонгон буюмдар менен азыркы учурдагы жана келечекте колдонулуучу буюмдар жөнүндө маалымат алышат.<br>б) Алган маалыматтар аркылуу салыштыруу жүргүзөсүңөр.<br>в) Достукка, бирин-бири сыйлоого, ар бир ойду угууга тарбияланышат. | а) Тема боюнча маалымат алышса, өткөн мезгилдеги адамдардын жашоо турмушундагы колдонгон буюмдар менен азыркы учурдагы жана келечекте колдонулуучу буюмдар жөнүндө маалымат алышса.<br>б) Алган маалыматтар аркылуу салыштыруу жүргүзүшсө.<br>в) Достукка, бирин-бири сыйлоого, ар бир ойду угууга тарбияланышса. |

**Сабактын тиби**: жаңы сабак

**Сабактын методу:** топтор менен иштөө , оозеки, көрсөтмөлүүлүк, угам, окуйм, түшүнөм стратегиясынын негизги кадамдары.

**Жабдылышы:** Сүрөттөр, таркатмалар, окуу китеби, баалоонун белгилери, слайд.

**Сабактын жүрүшү:** а) уюштуруу б) үйгө берилген тапшырманы суроо

| **Сабактын этаптары** | **Убакыт** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү** | **Окуучунун ишмердүүлүгү** | **Компетенттүүлүк** (НК1,2,3) ; (ПК3,4,5) |
|---|---|---|---|---|
| **Уюштуруу** | 5 мин | Саламдашуу, бири-бирине жагымдуу маанай каалоо | Саламдашат, бири-бирине жагымдуу маанай каалашат | НК1,3 ПК3,4 |
| **Үй тапшырма суроо** | 5 мин | Кыргызстандын шериктеш өлкөлөрүнө жалпы мүнөздөмө. М: коңшу Казакстан, Өзбекстан, Түрменистан, Таджикстан | Окуучулар топтор менен жооп беришет, презентациялашат | НК2,3 ПК3,4 |
| **Жаңы теманы актуалдаштыруу** | 2 мин | Эми доскадагы сүрөттөргө карагылачы? Эмнени байкап, көрө алдыңар, бүгүн эмне жөнүндө сүйлөшөбүз деп ойлойсуңар? | Дөңгөлөк, илгерки машиналар, самолёттор мурунку, азыркы | НК2,3 ПК3,4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | техникаларды байкашты, көрүштү, божомолдошот | |
| **Сөздүк иш** | 2 мин | | | НК1 ПК3,5 |
| **Жаңы тема**<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>**Физминутка**<br><br>**Бышыктоо** | 12 мин<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>11 мин | Балдарга таркатма берем, балдар божомолдоп чечмелешет.<br>Демек, бүгүнкү тема "Өткөн чактан келечеке карай"<br>а) Экранга көңүлүбүздү бурабыз<br>б) Балдарга текст таркатам<br>в) Сүрөттү ар бир топко таркатышат, номер коюп чыгышат, сууга сүзүү үчүн алгач ойлоп табылганынан башташат<br>I-топ: Бул транспорттун кайсынысы мурун жаралган?<br>II-топ: Дрижаблдин кайсынысы мурун жаралган?<br>III-топ: Баш тамгаларды туура кой, сөздөрдү туура тап(таркатма)<br><br>Музыка менен ырды аткарабыз<br><br>Топторго бөлүнүп жогорку, ортоңку, төмөнкү деңгээл боюнча тапшырма аткарышат<br>а) Транспорттун түрлөрүн туура жайгаштыр<br>б) кайсы учурда кандай телефон колдонулат?<br>в) чыгармачыл ой жүгүртүү транспорту сенин оюң боюнча келечекте кандай өзгөрүүгө дуушар болот?<br>Келечектеги үйүңүн сүрөтүн тарт | Окуучулар кыскача жазышат 4 бала окуйт<br>Балдар слайд көрүшөт<br>Окуп таанышышат(үн чыгарбай)<br>Ар бир топ өз ишин аткарат<br><br><br>Балдар тамгаларды коюп , сөздөрдү туура табышат<br><br>Балдар физминутка жасашат<br><br>Балдар топтордо талкуулап жооп беришет, таркатма менен иштешет<br><br><br>Ойлонуп чыгырмачыл жооп беришет<br><br>Окуучулар сүрөт тартышат | НК1,2<br>ПК3,4,5<br><br>НК1,2<br>ПК3,4<br><br><br>ПК3,4,5<br><br><br><br><br><br><br><br><br>ПК3,4,5 |
| **Жыйынтыктоо** | 3 мин | Суроолорго жооп бергиле. Демек, балдар "Өткөн чактан келечеке карай" деген тема боюнча тушүндүңөрбү? Бул суроолорго жооп берип, жоопторуңарды күтүү дарагына чаптагыла<br>1) Адамдар ойлоп табышканына сүйүнүштүбү?<br>2) Кайсы ойлоп тапканы адамдарга коркунуч алып келди? | Балдар жооп берүүдө өз ойлорун айтышат<br>Жоопторун күтүү дарагына илишет | НК2<br>ПК3,4,5 |
| **Үй тапшырма** | 3 мин | Велосипедди ким ойлоп тапканын изилдеп, маалымат чогултуп келгиле. | Күндөлүктөрүнө жазып алышат | |
| **Баалоо** | 3 мин | Калыптандырууну баалоо, топторду баалоо, баракчаларды топтоп алып баалоо | | |